**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

18 - декабрь 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**

**Кезексиз IV сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 1 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 4- сессиясынын катчысы жөнүндө».**

Чыгып сүйлөгөн депутаттардын сунуштарын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 4-сессиясы

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Депутат ***Жайлообеков Элтуран Жайлообекович*** Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 4- сессиясынын катчысы болуп шайлансын.

2. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.

3. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

18 - декабрь 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз IV сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 2 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**“Шаардык мэриянын 02.12.2024-жылдагы “2025-жылга карата Таш-Көмүр шаары боюнча республикалык бюджеттен каржылануучу үлүштүк дем берүүчү грантка сунушталып жаткан долбоорлордун өздүк салымы үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү тууралуу” №01-21/3760 кайрылуу каты жөнүндө”.**

Шаардык мэриянын 02.12.2024-жылдагы “2025-жылга карата Таш-Көмүр шаары боюнча республикалык бюджеттен каржылануучу үлүштүк дем берүүчү грантка сунушталып жаткан долбоорлордун өздүк салымы үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү тууралуу” №01-21/3760 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы **“Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ч.Урматаалиевдин** билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 4 – сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардык мэриянын 02.12.2024-жылдагы “2025-жылга карата Таш-Көмүр шаары боюнча республикалык бюджеттен каржылануучу үлүштүк дем берүүчү грантка сунушталып жаткан долбоорлордун өздүк салымы үчүн жергиликтүү бюджеттен акча каражатын бөлүп берүү тууралуу” №01-21/3760 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кенештин алдындагы **“Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ч.Урматаалиевдин** билдирүүсү эске алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 токтому менен бекитилген “Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен долбоорлорду тандоо жана каржылоо жөнүндө” Жобосунун негизинде, Таш-Көмүр шаары боюнча 2025-жылга карата республикалык бюджеттен каржылануучу үлүштүк (дем берүүчү) грантка сунушталган долбоорлордун тизмеси тиркемеге ылайык жактырылсын. **/тиркеме тиркелет/**
3. Таш-Көмүр шаары боюнча 2025-жылга карата республикалык бюджеттен каржылануучу үлүштүк (дем берүүчү) грантка сунушталган долбоорлордун өздүк салымдары үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен тиркемеде көрсөтүлгөн пайыздык чендерге ылайык **2 858 792 (эки миллион сегиз жүз элү сегиз мин жети жүз токсон эки)** сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин жана 2025-

жылдын жергиликтүү бюджетине киргизүү жагы Таш-Көмүр шаардык мэриясына милдеттендирилсин.

4. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
5. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы "Экономика жана бюджет" боюнча туруктуу комиссиясына (Ч.Урматаалиев) жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев**

**«Бекитилди»**
**18.12.2024-жылдагы кезексиз**
**4-сессиясынын №2 токтомунун**
**тиркемеси**

**2025-жылга карата Таш-Көмүр шаары боюнча республикалык бюджеттен каржылануучу үлүштүк дем берүүчү грантка сунушталган долбоорлордун тизмеси**

| № | Долбоордун аталышы | Долбоордун жалпы суммасы | Республикалык бюджет | Өздүк салымы ЖБ | Пайызы |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | ““Түндүк” а/б клубтун имаратын капиталдык ремонттон өткөрүү” долбоору | 3 501 650 | 2 801 320 | 700 330 | 20% |
| 2 | “№3 Т.Молдо атындагы орто мектебинин сырткы фасадын жанылоо” долбоору | 3 621 206 | 2 896 965 | 724 241 | 20% |
| 3 | “№14 Т.Шадыханов атындагы орто мектебинин чатырын алмаштыруу жана спорт зал менен библиотеканы ремонттон өткөрүү” долбоору | 3 594 237 | 2 875 390 | 718 847 | 20% |
| 4 | “№13 “Теремок” бала бакчасынын имаратын ремонттон өткөрүү” долбоору | 3 576 870 | 2 861 496 | 715 374 | 20% |
| | **Жалпы суммасы:** | **14 293 963** | **11 435 171** | **2 858 792** | |

Таш-Көмүр шаардык депутаттар
Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**


18 - декабрь 2024-жыл.


Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com


**I чакырылышынын**
**кезексиз IV сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 3 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Шаардык мэриянын 06.12.2024-жылдагы «Үй жанындагы короо жай жана багбанчылык-чарбак жер участокторунун, калктуу конуштардын жерлеринин жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерге мүлк салыгынын зоналдык “Кз” коэффициентин бекитүү тууралуу» №01-21/3861 кайрылуу каты жөнүндө».**

Шаардык мэриянын 06.12.2024-жылдагы «Үй жанындагы короо жай жана багбанчылык-чарбак жер участокторунун, калктуу конуштардын жерлеринин жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерге мүлк салыгынын зоналдык “Кз” коэффициентин бекитүү тууралуу» №01-21/3861 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ч.Урматаалиевдин** маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 4- сессиясы

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Шаардык мэриянын 06.12.2024-жылдагы «Үй жанындагы короо жай жана багбанчылык-чарбак жер участокторунун, калктуу конуштардын жерлеринин жана айыл чарба багытындагы эмес жерлерге мүлк салыгынын зоналдык “Кз” коэффициентин бекитүү тууралуу» №01-21/3861 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ч.Урматаалиевдин** билдирүүсү эске алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 398-беренесинин 3,4-пунктуна жана 404-беренесинин 4-пунктуна ылайык, Таш-Көмүр шаарынын жана Кызыл-Жар шаарчаларынын аймактарында калктуу конуштардын жерлеринин жана айыл чарба багытындагы эмес жерлердин мүлк салыгынын зоналдык **«Кз» коэффициенти 2025-жыл үчүн 1.2 өлчөмүндө бекитилсин.**
3. Үй жанындагы короо жай жана багбанчылык-чарбак жер участокторунун пайдалангандыгы үчүн мүлк салыгынын коэффициенти **2025-жыл үчүн 1.0 өлчөмүндө бекитилсин.**

4. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
5. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык Кенештин алдындагы **"Экономика жана бюджет" боюнча туруктуу комиссиясына (Ч.Урматаалиев) жүктөлсүн**.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы: С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

18 - декабрь 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз IV сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 4 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Шаардык мэриянын 02.12.2024-жылдагы «Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн төлөмдөрдүн ставкаларын жана мөөнөтүн бекитип берүү тууралуу» № 01-21/3757 кайрылуу каты жөнүндө.”**

Шаардык мэриянын 02.12.2024-жылдагы «Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн төлөмдөрдүн ставкаларын жана мөөнөтүн бекитип берүү тууралуу» № 01-21/3757 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ч.Урматаалиевдин** маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 4- сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардык мэриянын 02.12.2024-жылдагы «Калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн төлөмдөрдүн ставкаларын жана мөөнөтүн бекитип берүү тууралуу» № 01-21/3757 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Экономика жана бюджет” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Ч.Урматаалиевдин** билдирүүсү эске алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинини 74,75-беренелерине ылайык, калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымдын ставкасы **2025-жыл үчүн** бир жашоочуга же курулуштун бир чарчы метр аянтына бир эсептик көрсөткүчтөн көп эмес **1 жылга х 100 сом 00 тыйын** өлчөмүндө белгиленсин.
3. Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинини 76-беренесине ылайык, калктуу конуштардын таштандыларын ташып чыгаруу үчүн жыйымды жергиликтүү бюджетке төлөө мөөнөтү 2025-жылдын 1-сентябрына чейин деп белгиленсин.

4. Токтомду аткаруу жана массалык маалымат каражаттары аркылуу маалымдоо, түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жагы шаардык салык башкармалыгына (Э.Абдуллаев) милдеттендирилсин.
5. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
6. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
7. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Экономика жана бюджет”** боюнча туруктуу комиссиясына **(Ч.Урматаалиев)** жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУ**
**ТАШ-КӨМҮР ШААРДЫК**
**ДЕПУТАТТАР КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАШ-КУМЫРСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

18 - декабрь 2024-жыл.

Таш-Көмүр шаары. 721400
Ш.Сыдыков көч.24.
тел.(0 3745) 50052
факс .(0 3745) 50058.
e-mail: gorkeneshtk@gmail.com

**I чакырылышынын**
**кезексиз IV сессиясы**

***ТОКТОМ*** № 5 ***ПОСТАНОВЛЕНИЕ***

**«Шаардык мэриянын 16.12.2024-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын административдик территориясына кирген жер тилкелерин, өндүрүштүк имаратты жана кампа курулушун Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин балансына кабыл алууга макулдук берүү тууралуу» № 01-20/3983 кайрылуу каты жөнүндө**.”

Шаардык мэриянын 16.12.2024-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын административдик территориясына кирген жер тилкелерин, өндүрүштүк имаратты жана кампа курулушун Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин балансына кабыл алууга макулдук берүү тууралуу» № 01-20/3983 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы З.Карабалаевдин** маалыматын угуп жана талкуулап, Таш-Көмүр шаардык депутаттар Кенешинин I чакырылышынын кезексиз 4- сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Шаардык мэриянын 16.12.2024-жылдагы «Таш-Көмүр шаарынын административдик территориясына кирген жер тилкелерин, өндүрүштүк имаратты жана кампа курулушун Таш-Көмүр шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин балансына кабыл алууга макулдук берүү тууралуу» № 01-20/3983 кайрылуу каты жөнүндө шаардык Кеңештин алдындагы **“Мыйзамдуулук” боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы З.Карабалаевдин** билдирүүсү эске алынсын.
2. Таш-Көмүр шаарынын административдик территориясына кирген “Бутоосай” участкасында жайгашкан 40 га жер тилкесин, “Кристалл” заводунун түштүк-батыш тарабында жайгашкан өндүрүш багытындагы 88 га жер тилкесин, Таш-Көмүр шаарынын өндүрүш аймагынын №11 дарегинде жайгашкан “Күч” ЖЧКуна тиешелүү жалпы 6979,3 м2 жер аянтын (анын ичинен 3409,4 м2 өндүрүштүк имарат жана 948,6 м2 кампа курулушу) Таш-Көмүр шаардык

мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик департаментинин балансына кабыл алууга макулдук берилсин.

3. Бул токтомду мамлекеттик реестрге киргизүү жагы шаардык Кенештин жооптуу катчысына (Б.Дуйшебаева) милдеттендирилсин.
4. Токтом Таш-Көмүр шаарынын www.Tash-komurkenesh.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирсин.
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык Кенештин алдындагы **“Мыйзамдуулук”** боюнча туруктуу комиссиясына **(З.Карабалаев)** жүктөлсүн.

**Таш-Көмүр шаардык депутаттар**
**Кенешинин төрагасы:** **С.Кудайбердиев**